УДК 296

**Тагаев Мирлан Конурович,**
«Алтын уя» билим берүү мекемесинин директору,
юридика илимдеринин кандидаты
**Тагаев Мирлан Конурович,**
директор учебного заведения «Алтын Уя»,
кандидат юридических наук
**Mirlan Konurovich Tagaev,**
director of the ALTYN UYA educational institution,
candidate of legal sciences

## XIX К. НАКШИБАНДИЯ ТАРИКАТЫНЫН ШЕЙХИ САЛАХИДДИН ИБНИ МАВЛААНА СИРАЖИДДИН ОШИ

## ШЕЙХ НАКШБАНДИЙСКОГО ТАРИКАТА XIX ВЕКА САЛАХИДДИН ИБН МАВЛАНА СИРАЖИДДИН ОШИ

## THE SHEIKH OF THE NAQSHBANDI TARIQA OF THE 19TH CENTURY, SALAHIDDIN IBN MAWLANA SIRAJIDDIN OSHI

**Аннотация.** Ислам тарыхында тасаввуф илими өзгөчө орунду ээлейт. Өзгөчө Орто Азия географиясында исламдын жайылышына жана кабыл алынышына Тасаввуф өкүлдөрүнүн (Олуя, Шейх, Муршид, Пир, Эшан) чоң таасири болгон. Борбор Азия аймагында пайдубалы түптөлгөн Кубравия, Сухравия, Яссавия жана Накшибандия тарикаттары аймактын исламдашуусуна катализатор болду. Бул тарикаттар диний маселеге гана эмес, аймактын жарандык маданий аймагына да чоң таасирин тийгизген. Айрыкча, Накши-Мужаддидия мектеби акыркы мезгилдерге чейин бар болуп, өзүнүн таасирин жана ишмердүүлүгүн кеңейтүүнү уланткан. Бул макалада Накши-Мужаддидия тарикатынын акыркы шейхтеринен болгон, Оштук Салахиддин Эшендин өмүрү, чыгармачылыгы жана ишмердүүлүгү тууралуу кыскача маалымат берилет.

**Негизги сөздөр:** Накшибандия тарикаты, тасаввуф, Хувайда, Салахиддин Эшен, Сакып, Ош, Сармазар.

**Аннотация.** Особое место в истории ислама занимает наука тасаввуф. Особенно большое влияние на распространение и принятие ислама в Средней Азии оказали представители тасаввуфа (Святой, Шейх, Муршид, пир, эшан). Основанные в Центральноазиатском регионе тарикаты Кубравия, Сухравия, Яссавия и Накшибандия послужили катализатором исламизации региона. Эти тарикаты оказали большое влияние не только на религиозный вопрос, но и на гражданскую культурную территорию региона. В частности, накши-муджаддидская школа существовала до недавнего времени и продолжала расширять свое влияние и деятельность. В этой статье представлена краткая информация о жизни, творчестве и деятельности Салахида Эшена из Оша, одного из последних шейхов накши-Муджаддидского тариката.

**Ключевые слова:** Накшибандия тарикаты, тасаввуф, Хувайда, Салахиддин Эшен, Сакып, Ош, Сармазар.

**Abstract.** Sufism has a special place in the history of Islam. Sufism deputies (Awliya, Shaikh, Murshid, Pir, Ishan) had great effects on the spread and acceptance of Islam, especially in the Central Asia. The Kübraviye, Sühraverdiye, Yeseviye and Nakşibendiye tariqats which were laid in the Central Asian region, acted as a catalyst in the Islamization of the region. These tariqats have had a great impact not only on the religious issue but also on the civil cultural area of the region. In particular, the Nakshi-Mujaddidiyye school has continued to exist until recent times, expanding its fields of inf-

luence and activity. In this article, brief information will be given about the life, works and activities of Salah Ad-Din Ishan from Osh, one of the last shaikhs of the Nakshi-Mujaddidiyye tariqat.

**Key words**:Nakshbandiyya, Tariqat, Sufism, Huvayda, Salah ad-Din Ishan, Thaqib, Osh, Sarmazar.

Салахиддин Сакып же болбосо Салахиддин Эшен деген лакап менен таанымал Салахиддин ибни Мавлана Сиражиддин Оши, 1838-жылы (х.1253) Кыргызстандын ордолуу Ош шаарында туулган.[1] Кээ бир булактарда 1843-жылы туулгандыгы тууралуу маалыматтар да кездешет.[2]

Салахиддин Эшен чоң атасы Хувайда азиреттери жазган диван китебинин акыркы беттеринде ата-бабаларын мындайча эскерген:

Хувайданын уулу «*Ош шаарынын Эшени*», «*Кутпу-Заман*» болгон Хал Мухаммед Халифа. Анын уулу Сиражиддин Эшен (ыр сабында лакап аты Сиражи деп жазылат). Анын уулу «*Сакыбы хасте дил Салахиддин валади Мавлави Сиражиддин*».[3]

Салахиддин Сакыптын аты-жөнү жана ата бабалары «Маамулаты Сакыби» аттуу кол жазмада төмөнкүдөй айтылат: Салахиддин Сакып Азирети Эшен Мавлави Мухаммад Сиражиддиндин уулу, ал Азирети Кутпу-Заман Халифа Хал Мухаммад Оshиин уулу, ал Ашыкы Заман Азирети Кожо Назар Хувайда Чимяниин уулу.[4]

Салахиддин Эшен азиреттери кол жазмасында жети атасы жөнүндө мындай маалымат калтырган:

Жети атасы:

1. Мавлана Сиражиддин
2. Хал Мухаммад Оши
3. Кожо Назар Хувайда Чимяни
4. Гайыб (Кайып) Назар
5. Эр Назар
6. Түлөк Мухаммед Сопу
7. Кул Сулайман.[5]

**Салахиддин Эшендин атасы жөнүндө маалымат**

Салахиддин Эшендин атасы жана муршиди болгон Мухаммед Сиражиддин (1822-ж. т.) Кокондогу жана Оштогу медреселерде билим алган. Ош шаарында медреселерде сабак бергени – мударристик кылганы айтылат. Белгилүү бир убакытта Жаркентте (Чыгыш Түркстан) жашап, элди динге чакырып, таалим-тарбия менен иршад озуйпасын аткарган.[6] Мухаммед Сиражиддин көбүнчө Мавлави Сиражи жана Сиражиддин Махдум деген лакап аты менен да белгилүү.

Мухаммед Сиражиддин атасы жана ошол эле убакта устазы (шейхи) Хал Мухаммед Эшенден «Накшбандия» тарикаты боюнча ижаза (уруксат) алып, атасы көзү өткөндөн кийин анын ордуна Оштогу борбордук медреседе устаттык иштерин уланткан.[7]

Мавлана Сиражиддин азиреттеринин төрт уул, бир кызы болгон. Уулдары: Салахиддин, Шужауддин, Мажидуддин жана Аманхан (1875-1961) жана кызы Самар Бану (1837-1894).[8]

Мавлави Сиражиддин 1877-жылы (х.1296) жылы кайтыш болгон.[9] Каза болгон жылы хижраттын 1296-жылы, абжад эсеби менен эсептегенде «рахмат рахмат» сөздөрүнүн эсебине тең келет.[10] Сөөгү атасы Хал Мухаммед Ошинин жанына коюлган.

---

[1] **Т. Жалилов,** *Нафосат оламида,* Тошкент: Ғафур Ғулом номидаги Адабиёт ва санъат нашриёти, 1974, 159-б; *Гўзаллик оламида,* Ғафур Ғулом номидаги Адабиёт ва санъат нашриёти, 1979, 176-б; *Ўзбек шоиралари,* Тошкент: Ғафур Ғулом номидаги Адабиёт ва санъат нашриёти, 1970, 285-б.

[2] **И. Остонақулов,** *Авлиёлар султони, Туронлик валийлар,* Тошкент: Янги аср авлоди, 2004, 197-б.

[3] **Хувайдо,** *Китаб Ишан Хувайдо Чимёни,* нашр этувчи: Салахиддин Эшон, Ташкент: Типо-Литогр. В.М. Ильин, 1906, 238-б.

[4] **N. Tosun,** *Orta Asya Evliyasından Salahaddin Sakib bin Sirasüddin*//Yüzakı Dergisi, Yıl: 5, Sayı: 54, Ağustos 2009, s. 56.

[5] **Салахиддин Сакып,** *Диван,* 80-82-бет.

[6] **Н. Абдулаҳатов,** *Фарғона туманы тарихи асотирлар, лавҳалар, изланишлар,* Фарғона: Фарғона нашриёти, 2013, 204-б.

[7] **M. Moidinova,** *Sâkib Salahaddîn'in Divâni ve Tasavvufî Görüşleri,* Uludağ Üniversitesi Temel Islam Bilimleri Anabilim Dali Tasavvuf Bilim Dali (Yayınlanmamış Yüksek Lisans Tezi) Bursa, 2018, s. 11.

[8] Салахиддин Сакып тарабынан алынган маалыматтар (2009); Карнз.; **M. Moidinova,** *Sâkib Salahaddîn'in Divâni ve Tasavvufî Görüşleri.* s. 7.

[9] **П. Қайюмов,** *Тазкираи Қаюмий,* Тошкент: ЎзРФА Қўлёзмалар институти таҳририй нашриёти бўлими, 1998, 495-б.

[10] **Т. Жалилов,** *Бону,* Тошкент: Ёш гвардия нашриёти, 1963, 43-б,

**Салахиддин Эшендин бир туугандары жөнүндө маалымат**

Жакындары тарабынан берилген маалыматтарга караганда, Самар Бану 1834-жылы төрөлүп, 1894-жылы 60 жашында каза болгон.[11] Кээ бир булактарда 1837-жылы жарык дүйнөгө келген деген маалымат кездешет, бирок 1834-жылы чындыкка шайкеш.[12]

Самар Бану алгачкы илимин такыба аалима болгон апасынан жана атасы Мавлави Сиражиддинден алган. Самар Бану атасынын жолун жолдоп, үйүндө (чакан) мектеп ачып, кыздарга илим үйрөткөн. Окуучуларына диний билимдерден сырткары алардын классикалык адабиятка болгон кызыгуу- сун ойготуп, тасаввуфий илимдер менен кошо кооз жазуу (хусну кат) санатын да үйрөткөн. Окуучуларына берген жазуу үлгүлөрү азыркыга чейин сакталуу.[13] Атасы жана чоң атасы Хувайда сыяктуу суфий ырларын жазып, ошол кезде кыз-келиндер арасында кеңири жайылган кол өнөрчүлүктүн түрлөрү менен алектенген. Аалымдын кызы болуу менен гана чектелбестен мугалимдик кесиби, акындыктан тартып, кол өнөрчүлүккө чейин өнөр ээси болуп, кийинки муундарга, өзгөчө аял затына үлгү десек болчудай. Самар бану сайган саймалардын кээ бирлери музейлерде сакталуу.[14]

Салахиддин Сакыптын бир тууганы Аманхан Максым (1875-1961) алгачкы билимин эжеси Самар Банудан алгандыгы, Аманхан Максымдын парс, араб тилдерин жана адабиятты үйрөнүүдө Самар Банунун салымы чоң болгондугу айтылат. Ал 12 жашка чыкканда улуу агасы Салахиддин Эшен аны Анжиян медресесине киргизип, анын илим алуусун көзөмөлдөп турган. Урпактарынын берген маалыматына караганда, Салахиддин Эшендин колдоосу менен Стамбулда медицина тармагында билим алган. Салахиддин Эшен иниси жакшы билимге ээ болуусу үчүн аны 1894-жылы Стамбулга медициналык окуу жайга жөнөтөт. Бул мезгилде Аманхан Максым Анжияндагы медресени бүтүрүп, хафыздыкты да аяктаган.[15] Неберелеринин колунда Аманхан Максымдын Стамбулда студент кезинде башына фес (Осмон дөөлөтү кезде кийилген кызыл топу) кийип түшкөн сүрөтү сакталып калган. Аманхан 1961-жылы Ошто каза болгон. Ал Салахиддин Сакыптын жанына коюлган.

**Салахиддин Эшендин илим жолу жана тасаввуфтагы ижазалары**

Салахиддин Сакып Ислам илимдерин эң жакшы деңгээлде өздөштүрүп, дароо эле тасаввуф жолунда тарбия ала баштаган.[16] Атасы Мавлана Сиражиддин Кокон медресесинде илим алган, ошол доордун алдыңкы мударистеринен жана накшибандий шейхтеринен болгон.

Салахиддин Сакып отуз алты жашында чоң атасынын халифасы Эшен Кожодон жана атасы Сиражиддинден Накшбанди-Мужаддиди деген ижаза алган. Кырк жашка чыкканда чоң атасынын миңге жакын шакирттери ага мурид болду.[17] Салахиддин Сакып Хотанда жана сегиз жыл Жаркентте жашаган. Диван адабиятында бул мезгилдер тууралуу минтип жазган.

*Бул жерде турганымдын себеби,*
*Бири замандын кыйынчылыгы,*
*Бири атамдын ыраазычылыгы.*[18]

Жогорудагы ыр саптарынан Салахиддин Сакып атасынын чечими менен, ошол мезгилдин оор шарттарынан улам Жаркент-те бир нече жыл жашагандыгын байкаса болот.

Салахиддин Сакып ырлар жыйнагындагы (диванында) маалыматта, 1878-жылы ажылыкка барууга аттанган. 1879-жылы

[11] **Т. Жалилов**, *Бону*, 22-б,

[12] Карнз.; **M. Moidinova**, *Sâkib Salahaddîn'in Divâni ve Tasavvufî Görüşleri*, s. 12.

[13] Карнз.: **Т. Жалилов**, *Ўзбек шоиралари*, 309-б.

[14] *Дин тарихи давлат музейи тўплами китоб-альбоми*, «Ўзбекистон маданий мероси» муаллифлик туркуми / Ф.Ф. Абдухоликов, Э.В. Ртвеладзе, Е.А. Терюкова, И.А. Османова, В.А. Димшиц, Э.Ф. Гюль, П. В. Федотов // Тошкент: «Zamon-Press-Info Nashriyot Uyi» МЧЖ, Тошкент, 2020, 21-22-б.

[15] **M. Moidinova**, *Sâkib Salahaddîn'in Divâni ve Tasavvufî Görüşleri*, s. 18.

[16] *Silsiletü'z-Zeheb Silsile-i Sâdât-ı Nakşibendiyye*, Hazırlayan: Fazilet Neşriyat Araştırma Heyeti, İstanbul: Fazilet Neşriyat, 2017, s. 329.

[17] **N. Tosun**, *Selâhaddin Sâkıb*, Türkiye Diyanet Vakfı İslâm Ansiklopedisi (DİA), EK-

[18] **Салахиддин Сакып**, *Диван*, 62-бет.

алгачкы ажылыгын аткарып, Медина Мунавварадагы Накши-Мужаддидия шейхи Мухаммед Мазхар менен жолугуп, ага кызмат өтөп, ижаза алган. 1889-жылы экинчи жолу ажылыкка барган.[19]

Салахиддин Сакып бир канча Накши-Мужаддидия чынжырларынан иршад ижазасын алган:

1. Атасы жана чоң атасы аркылуу келген силсила (чынжыр); Убайдулла Ахрар – Кади Мухаммед – Махдуму Азам – Мухаммед Амин – Кожо Юсуф – Кожо Хидаятулла (Афак Кожо) – Гаиб Назар – Кожо Назар (Хувайда) – Хал Мухаммед – Мавлави Сиражуддин – Салахуддин Сакып.

2. Аталары жана чоң аталары аркылуу келген дагы бир силсила, силсилаи Мужаддидия; Ахмад Сарханди (Имам Раббани) – Мухаммад Масум – Убайдулла Хурд – Кожо Мухаммед Парса – Шах Мохаммед Раса – Шах Фазл Ахмед – Мир Абдуррахим Маргнани – Хал Мухаммед – Мавлави Сиражуддин – Салахуддин Сакып.

3. Мужаддидия силсиласы; Сарханди (Имам Раббани) – Мухаммад Масум – Сайфуддин Ариф – Абдуллах Дахлави – Нур Мухаммед Бадаюни – Мырза Мазхар Жаны Жаанан – Абу Саид Дахлави – Ахмед Саид Дахлави – Мухаммед Мазхар – Салахуддин Сакып.[20]

### Осмон дөөлөтүнүн Султаны жана Сулайман хилми Тунахан менен жолугуусу

1908-жылы да ажылык сапарга аттанып, 1909-жылы Рамазан айында Стамбулга барат. Мейманканалардын биринде берилген ифтар учурунда Сулайман Хилми Тунахан (1888-1959) аттуу руханий шакиртине жолугат.

Сулайман Хилми Тунахандын шакирттери берген маалыматга караганда: Салахиддин Сакып менен Сулайман Хилми Тунахан биргеликте Бурса шаарына жол тартышат. Эмир Султан мечитинде (башка булактарда Улудаг тоосунда) чилдеге кирип, руханий тарбиясын берип, улуу даражаларга жеткирет. Сулайман Эфенди устазынын чоң химмат (дуба) жана таважжухуна (колдоосуна) ээ болот.[21]

Салахиддин Сакып азиреттери 33- чү Осмон султаны Абдулхамид хан II менен тыгыз байланышта болгону айтылат.[22] Абдулхамид хан II Салахиддин Сакыпка Азирети Аюб мечитин зыярат кылуусу үчүн атайын ат араба бергени жана Йылдыз мечитинде жума намазда экөөнүн чогуу болгону да Сулайман Эфендинин шакирттери тарабынан эскерилет. Ал тургай, 31-март козголоңу жана Султандын кулашы сыяктуу окуяларда Азирети Салахиддин Стамбулда эле. Азирети Салахиддиндин алдын-ала эскертүүсү менен Султан Абдулхамид хан II 31-марттагы козголоңду күч менен басуудан баш тарткан. Анткени кагылышууда Султанды тактыдан кулатуу үчүн, кыргын уюштурулуп кан төгүлөөрүн кабарлаган.[23]

Салахиддин Сакып менен Абдулхамид хандын жакын мамилеси жөнүндө тарыхый булактарда кол жазмалар кезикпесе да, Осмон империясы менен Кокон жана Кашкар хандыктарынын ортосунда элчи болуп иштеген Сейид Жакып хан төрө Түркстандын (Орто Азиянын) Накшбандия шейхи Сиражиддин Эфендинин халифасы болгондугу жогоруда айтылган маалыматта тастыкталат.[24] Анткени ал мезгилде Түркстан (Орто Азия) аймагындагы накшбандий шейхтеринин бири Сиражиддин деген ат менен Салахиддин Сакыпдын атасы Мавлави Сиражиддинден башка эч ким белгилүү болгон эмес. Айуп кары Жаркентке таандык «Манбаъул-Асрар» китебиндеги Салахиддин Сакыпка «ал-Хакани» деген лакапты кошуп жазган. Салахиддин Сакыптын хан, султандар менен болгон тыгыз байланышын, мамилесин ачыктап турган лакап аты.[25]

[19]Карнз.: **Салахиддин Сакып**, *Диван*, 108, 109, 111-бет.

[20]**Аюп Каари Яркенди**, *Манбаъул-Асрар,* Яркенд, 1356, 158-167-б.

[21]*Silsiletü'z-Zeheb Silsile-i Sâdât-ı Nakşibendiyye,* s. 333.

[22]*Silsiletü'z-Zeheb Silsile-i Sâdât-ı Nakşibendiyye,* s. 333.

[23]Silsiletü'z-Zeheb Silsile-i Sâdât-ı Nakşibendiyye, s. 333.

[24]**H.K. Alpman**, Seyyid Yakup Han ve Şeceresi//Yeni Tarih Dünyası Dergisi, Yıl: 1, Cilt: 2, Sayı: 17, Mayıs 1954, s. 676.

[25]Крз.: **Аюп Каари Яркенди**, Манбаъул-Асрар, 164-165-бет.

**Курманжан Датка Салахиддин Сакыптын шакирти болгон.**

Салахиддин азиреттеринин көптөгөн шакирттери бар эле. Фергана өрөөнүндө Салахиддин Сакыптын шакирттеринин көп болуусу орус падышачылыгынын тынчын алып, көңүлүн бурган.[26]

«Алай ханышасы», акылман энебиз Курманжан Датканын Салахиддин Сакыптын шакирти болгону жөнүндө айтылып келет. Себеби Курманжан датка салттуу үй-бүлөдө тарбияланып, кийин Ошко чоң медресе курган айтылуу Алымбек датканын жубайы болгондугуна байланыштуу, Оштук эшендерге кол берген деген маалымат бар. Хувайда эшендин урпагы Салахиддин эшен менен тыгыз мамиледе болуп, ислам боюнча таалим алган. 1895-жылы кенже баласы Камчыбек Ошто дарга асылган күнү Курманжан датка Салахиддин эшендин үйүндө зикир тартып олтургандыгы жөнүндөгү маалымат, муундан-муунга, атадан-балага эшендин урпактарына айтылып келет.[27]

Кээ бир кол жазмаларда: «Салахиддин Сакып тууралуу жазылган маалыматтар Фергана өрөөнүндөгү Кокон кол жазмалар китепканасында сакталуу» деген маалыматтар болгону менен, так маалыматтар кезиге элек.[28]

**Салахиддин Сакыптын үй-бүлөсү**

Салахиддин Сакып үч жолу үйлөнгөн. Анын биринчи никесинен Мухаммедхан (лакап аты Камариддин), Махмудхан, Анваруддин, Маматхан аттуу уулдары жана Райханиса аттуу кызы болгон. Камариддинден башка балдары тууралуу маалымат кезикпейт. Экинчи жолу Анжияндык Халберди (Хак Берди) Ахундун кызы Тажинниса айымга үйлөнгөн. Бул никеден Мазхаруддин Максым, Асанжан Максым аттуу балдары жана Зуура аттуу кызы болгон. Жубайы Тажинниса 1898-жылы эгиздери Асанжан менен Зууранын төрөт учурунда каза болгон. Кийин Жаркентте жүргөндө үйлөнүп, ал никеден Хажиниса жана Бахриниса аттуу кыздары жана Шарафиддин Максым жана Разийуддин Максым аттуу уулдары болгондугу жөнүндө маалыматтар кезигет.[29]

Мухаммед Камариддин өз атасы Салахиддин Сакыптан ижазат алган тарикат шейхи болгон. 1926-жылы Орто Азиядагы басмачылардын көтөрүлүшү ийгиликсиз аяктагандан кийин, Камариддин көптөгөн динчил жарандар сыяктуу башпаанек издөөгө аргасыз болуп, Чыгыш Түркстанга кеткен. Шейх Камариддин барган жеринде тарикат кызматын улантып, кызматын атасынын урматына – Накшибандия Сакыпия деп атаган. Каргалык аймагында беш жыл жашап, кийин Жаркентке отурукташкан. Тилекке каршы, большевиктердин куугунтугу Кытайдын бул аймагына да жетип, коммунисттик баскынчыларга каршы күрөшүүгө катышып, колго түшүп, сүргүнгө айдалган. 1938-жылы коммунисттер тарабынан өлтүрүлгөн. Азыркы учурда артында калган шакирттери медреседе илим алып, «авами» суфизмден айырмаланып, «элиталык суфизм» менен жашашат. Алар суфизмдин бекем жактоочулары катары ваххабизмге каршы бекем турушат.[30]

**Салахиддин Сакыптын эмгектери**

Салахиддин Сакыптын эмгегинен жаралган Макулаты Сакыби, Маъмулаты Сакыби аттуу китептери жана ыр жыйнактары (диваны) бар.

*Макулат-ы Сакыби:* Салахиддин Сакыптын Накшыбандия-Мужаддидия тарикатында жүргөндөрдүн жан дүйнөсүнө азык, руханий дүйнөсүнө мурас катары эң керектүү адеп-ахлак, жүрүм-турум тартиптерин камтыган жана кээ бир диний фыкхтар тууралуу жазган эмгеги болуп саналат. Китеп жалпысынан кириш сөз жана 12 пункттан турат. Китептин баш жагында жазылган мазмунга ылайык кириш сөз жана

[26]Карнз.: **В.А. Парфентьев,** Селение Вуадиль (статистический очерк) // Ежегодник Ферганской области. Т. 3. Нов. Маргелан, 1904. с. 80.

[27]**Т. Кененсариев,** I Курманжан Датканын феномени, II Курманжан датканын коомдук жана саясий ишмердиги, III Курманжандын көз жашы//ОшМУ жарчысы, №1, 2012, 75-б.

[28]Карнз.: **D. Hamroeva,** *Şeyh Selahuddin Sâkıb ve Sultan II. Abdülhamit*//Uluslararası Çankırı'nın Manevî Mimarları Sempozyumu, Çankırı: Yenigün Basın Yayın Matbaacılık, 2017, s. 330.

[29]**M. Moidinova,** *Sâkib Salahaddîn'in Divâni ve Tasavvufî Görüşleri*, s. 16-17.

[30]**Thierry Zarcone,** *XX. Yüzy Doğu Türkistan'ında Sûfî Silsileleri ve Evliya Sevgisi,* trc. Ekin Keskin//Türkler, C. XX, Ankara: Yeni Türkiye Yayınları, 2002, s. 285.

56 пункт менен биргеликте жыйынтыктоо сөзү болууга тийиш эле. Тилекке каршы табылган нускада китеп 12 пункт менен эле чектелип, бул нусканын толук эмес экени көрүнүп турат. Бул эмгектин экинчи аты «Тарикаи Хаалияи Мавлавия». Бул жердеги «Хаалия» сөзү Салахиддиндин чоң атасы Хал Мухаммед Ошиге, «Мавлавия» сөзү болсо атасы Мухаммед Сиражиддин Мавлавинин урматына ыйгарылган.

*Маамулаты Сакыби:* Тасаввуфка тийиштүү маселелерди теориялык жана практикалык жактан чагылдырып берген. Аллах Таалага мактоо, Пайгамбарыбызга (с.а.в) салават айткандан кийин ата-бабалары тууралуу баяндайт. Мындан тышкары, сопулардын милдеттери жана амалдары, нафил ибадаттардын пазилети, аткаруу жол-жоболору, илим-билим жана тарбиянын маанилүүлүгү, дубалардын өзгөчөлүктөрү жана алардын кабыл болуу шарттарын кеңири баяндаган. Өзгөчө шакирттин устазга болгон адептери бир нече бөлүм менен кенен берилген. Акыркы бөлүктө автордун балдарына айткан керээзи бар. Хатмы хаажаган жана Накши-Мужаддиди шейхтеринин хатимдери да орун алган.[31]

*Диван:* Салахиддин Азиреттеринин «Сакып» деген лакабы менен жазган ыр жыйнактарынын топтомунун бир бөлүгү перс тилинде жазылган. Өз колу менен жазган жана жалгыз нускасы болгон ырлар жыйнагы –Диваны, белгисиз себептерден улам толук бүтпөй калган. Салахиддин Сакыптын мураскорлорунун колунда сакталып турган ыр жыйнактарында көптөгөн тарыхый окуялар чагылдырылып, маалыматтар камтылган.[32] Бул кол жазмада парс, араб жана түрк тилдеринде дубалар, Пайгамбарыбыз (с.а.в) жана анын Миражга чыгуусу айтылып, ахли байтка жана төрт халифанын урматына мактоолор жазылган. Бахауддин Накышбанд жана анын пирлерине касыйда, ата-бабаларынын тарыхы жана пир менен мурииттин мамилеси, пирге карата адеп, латаиф, муракаба жана колдонуу усулдары, кыскача баяндамалар тууралуу жазылган ыр саптары бар. Чыныгы жана жалган пирлердин сапаттары, Сакыптын чоң атасы Хувайданын *бештик* жана *алтылык* деп атаган ыр саптары, Мухий менен жазышкан каттары, уулу Мазхариддиндин туулган күнү тууралуу маалыматтар топтолгон. Акыркы саптарында Сакыптын дүйнө салганына кайгырган мурииттеринин жана аялынын жазган жоктоо, кошок ырлары да камтылган.[33]

**Каза болуусу**

Акыркы ажылык сапарынан кайтып келгенден кийин көп өтпөстөн, Орто Азиядагы Накши-Мужаддидиййа жолунун акыркы өкүлдөрүнөн болгон Салахиддин Сакып 7-Зул-Каъда, 1910-жылы (1328) 13-ноябрда Ош шаарында каза болгон.

Анын мүрзөсүндө төмөндөгү парсча сөздөр жазылган; [34]

“تشهب دش نایام یاوأم ُنکسم”
“بقاث بآم تنج ق ح لصاو”
“روفغمَب”

Ал Кыргызстандын Ош шаарындагы Шарк айыл аймагындагы бийик дөңсөөдөгү Сармазар көрүстөнүнө коюлган.

Фергана өрөөнүнүн Кокон, Анжиян, Наманган, Ош сыяктуу чоң шаарларындагы чоң көрүстөн, мазарлар – Сармазар деп айтылат. Хувайданын урпактары коюлган Сармазар көрүстөнү да ушундай чоң мазарлардын катарын толуктайт. Ушул себептен улам тарикаттын жолоочулары өз сөөгүн Оштун Сармазарына коюлуусун керээз кылышкан. Эш Мухаммед (1780-1866) аттуу инсан «Оштун Сармазарына сөөгүмдү койгула» деп балдарына осуят калтырат. Бирок мезгилдин катаал шарттарынан улам сөөгү өз айылында жерге берилет. Эш Мухаммед атанын сөөгү коюлган көрүстөндү ошол жерде жашагандар урмат кылып Сармазар деп аташат.[35]

[31]**N. Tosun**, *Türkistan Dervişlerinden Yadigâr Orta Asya Türkçesiyle Yazılmış Tasavvufi Eserler*, İstanbul: İnsan Yayınları, 2011, s. 105-108.
[32]*Silsiletü'z-Zeheb Silsile-i Sâdât-ı Nakşibendiyye*, s. 335.
[33]**M. Moidinova**, *Sâkib Salahaddîn'in Divâni ve Tasavvufî Görüşleri*, s. 27; Карнз.: **N. Tosun**, *Kırgızistan Tarih ve Kültüründe Tasavvuf*//Tasavvuf İlmi ve Araştırma Dergisi, Yıl: 16 [Temmuz-Aralık 2015] Sayı: 36, s.114.
[34]*Ma'mûlât-ı Sâkıbî*, vr. 62a-65a.

Салахиддин Сакыптын кабырынын үстүндө курулган күмбөз 1940-жылдары бузулган жана учурда кайрадан калыбына келтирилди.

**Колдонулган адабияттар**

1. **Т. Жалилов,** *Нафосат оламида,* Тошкент: Ғафур Ғулом номидаги Адабиёт ва санъат нашриёти, 1974. *Гўзаллик оламида,* Ғафур Ғулом номидаги Адабиёт ва санъат нашриёти, 1979. *Ўзбек шоиралари*, Тошкент: Ғафур Ғулом номидаги Адабиёт ва санъат нашриёти, 1970. *Бону*, Тошкент: Ёш гвардия нашриёти, 1963.
2. **И. Остонақулов,** *Авлиёлар султони, Туронлик валийлар,* Тошкент: Янги аср авлоди, 2004.
3. **Хувайдо,** *Китаб Ишан Хувайдо Чимёни,* нашр этувчи: Салахиддин Эшон, Ташкент: Типо-Литогр. В.М. Ильин, 1906.
4. **N. Tosun,** *Orta Asya Evliyasından Salahaddin Sakib bin Sirasüddin*//Yüzakı Dergisi, Yıl: 5, Sayı: 54, Ağustos 2009.
5. **Салахиддин Сакып,** *Диван.*
6. **Н. Абдулаҳатов,** *Фарғона туманы тарихи асотирлар, лавҳалар, изланишлар,* Фарғона: Фарғона нашриёти, 2013.
7. **M. Moidinova,** *Sâkib Salahaddîn'in Divâni ve Tasavvufî Görüşleri,* Uludağ Üniversitesi Temel Islam Bilimleri Anabilim Dali Tasavvuf Bilim Dali (Yayınlanmamış Yüksek Lisans Tezi) Bursa, 2018.
8. **П. Қайюмов,** *Тазкираи Қаюмий,* Тошкент: ЎзРФА Қўлёзмалар институти таҳририй нашриёти бўлими, 1998.
9. *Дин тарихи давлат музейи тўплами китоб-альбоми,* «Ўзбекистон маданий мероси» муаллифлик туркуми/Ф.Ф. Абдухоликов, Э.В. Ртвеладзе, Е.А. Терюкова, И.А. Османова, В.А. Димшиц, Э.Ф. Гюль, П. В. Федотов//Тошкент: «Zamon-Press-Info Nashriyot Uyi» МЧЖ, Тошкент, 2020.
10. *Silsiletü'z-Zeheb Silsile-i Sâdât-ı Nakşibendiyye*, Hazırlayan: Fazilet Neşriyat Araştırma Heyeti, İstanbul: Fazilet Neşriyat, 2017.
11. **N. Tosun,** *Selâhaddin Sâkıb,* Türkiye Diyanet Vakfı İslâm Ansiklopedisi (DİA), EK-*Türkistan Dervişlerinden Yadigâr Orta Asya Türkçesiyle Yazılmış Tasavvufi Eserler*, İstanbul: İnsan Yayınları, 2011.

*Kırgızistan Tarih ve Kültüründe Tasavvuf*//Tasavvuf İlmi ve Araştırma Dergisi, Yıl: 16 [Temmuz-Aralık 2015] Sayı: 36.

12. **Аюп Каари Яркенди**, *Манбаъул-Асрар,* Яркенд, 1356.
13. **H.K. Alpman,** *Seyyid Yakup Han ve Şeceresi*//Yeni Tarih Dünyası Dergisi, Yıl: 1, Cilt: 2, Sayı: 17, Mayıs 1954.
14. **В.А. Парфентьев,** *Селение Вуадиль* (статистический очерк) // Ежегодник Ферганской области. Т. 3. Нов. Маргелан, 1904.
15. **Т. Кененсариев,** *I Курманжан Датканын феномени, II Курманжан датканын коомдук жана саясий ишмердиги, III Курманжандын көз жашы*//ОшМУ жарчысы, №1, 2012.
16. **D. Hamroeva,** *Şeyh Selahuddin Sâkıb ve Sultan II. Abdülhamit*//Uluslararası Çankırı'nın Manevî Mimarları Sempozyumu, Çankırı: Yenigün Basın Yayın Matbaacılık, 2017.
17. **Thierry Zarcone,** *XX. Yüzy Doğu Türkistan'ında Sûfî Silsileleri ve Evliya Sevgisi,* trc. Ekin Keskin//Türkler, C. XX, Ankara: Yeni Türkiye Yayınları, 2002.
18. **Н. Абдулаҳадов,** *Сармазор зиёратгоҳи,* Тошкент: Bayoz нашриёти, 2014.